Канат Дербишев атындагы Талды-Булак жалпы билим берүүчү орто мектебинин

№2 пед кеңешменин

иш жазуусу.

**20.09.2021** **Бөксө-Жол айылы**

Күн тартиби:

1. Мектептин миссиясынын,стратегиялык өнүгүшүнүн аныкталышы жөнүндө.

Угулду:Өмүркулова А. С. мектеп директору:

- Мектеп миссиясынын эн негизги манызы окуучулардын билим сапатын көтөрүү болуп саналат.ошондой эле окутууда билим берүүнүн алдынкы технологияларын,инновациялык ыкмаларды кенири колдонуу, маалыматтык-коммуникациялык технологияларды ишке киргизүү,бул багыттагы иштерди ыкчам жүргүзүү ж.б. маселелердин үстүнөн иш алып баруу зарылчылыгы бар. Негизги максат, мугалимдердин жана окуучулардын мультимедиялык жана электрондук маалыматтык ресурстарды билгичтик менен пайдалануусуна жетишүү,окуу процессин заманбап жана натыйжалуу жүргүзүү болмокчу.

Чыгып сүйлөгөндөр:

1. Бектурсунова Ч. Ж. информатика мугалими:

- Мугалимдер арасында дагы маалыматтык-коммуникативдик технологияларды колдоно билүү көндүмдөрүн өнүктүрүү,мектепте бирдиктүү маалыматтык мейкиндикти түзүү, бул багыттагы иштерди координациялоо,коррекциялоо, тажрыйба топтоо ж.б. маселелердин үстүнөн натыйжалуу, жигердүү иштөө талап кылынууда.

2. Куликеева Ч. Ж. математика мугалими:

- МКТ боюнча мектепте аларды кеңири колдонуу аракеттери көрүлүүдө. Атайын долбоорлор, түйүндүү программалар менен иштөө ж.б. иш-чаралардын үстүнөн иш алып баруудабыз. Бирок, бул багыттагы иштерди жандандыруу зарылчылыгы болууда.Биз заман талабынан артта калбашыбыз керек.

Соңунда кеңешме караган маселе боюнча чечим кабыл алды.

ЧЕЧИМ:

1. Мектептин миссиясы турмушка ашышына,стратегиялык жактан өнүктүрүү ишчараларынын аткарылышына өзгөчө көңүл бөлүнсүн;

2. Бардык мугалимдердин маалыматтык технологияларга, инновациялык алдыңкы ыкмаларга ээ болууларына жетншүүлөрү ишке ашырылсын.

Мектеп директору: Өмүркулова А. С